## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу
*(2017-жылдын декабрь айы)*

Учурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдерин (мындан ары - МКВ) жайгаштыруу боюнча бардык планда каралган аукциондор төмөнкү себептерден улам өткөрүлбөгөн катары таанылган: алсак, катышуучулардын жетишсиз санына байланыштуу 3 айлык МКВлар жана кирешелүүлүктүн жогорку волатилдүүлүгүнө байланыштуу 6 жана 12 айлык МКВлар боюнча аукциондор. Ал эми байкоого алынып жаткан мезгил ичинде МКВнын жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү 120,0 млн сомду түзгөн, бул өткөн айдын көрсөткүчүнө караганда 62,5 пайызга аз. Ушуну менен катар эле, МКВга карата суроо-талаптын чогуу алгандагы көлөмү ай ичинде 65,6 пайызга (85,5 млн сомго чейин) төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү -57,3 млн сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мурда эмитирленген МКВлардын 57,3 млн сом суммасында орду жабылган.

Ошентип, 2017-жылдын акырына карата жүгүртүүдө МКВлар көлөмү жыл башынан тарта 2,9 млрд сомго чейин (-32,2 пайыз) төмөндөгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулар боюнча МКВ түзүмү бир аз өзгөргөн: МКВга негизги ээлик кылуучу-коммерциялык банктардын үлүшү 12,4 п.п., 78,2 пайызга чейин жогорулаган; институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче, 12,2 п.п., 21,1 пайызга чейин төмөндөгөн болсо, ал эми юридикалык жактардын-резиденттердин үлүшү 0,7 пайызга чейин (-0,2 п.п.) төмөндөгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |
| 01.08.2017 | 3 625 400,0 | 2 865 164,8 | 79,0% | 730 801,2 | 20,2% | 0,0 | 0,0% | 29 434,0 | 0,8% |
| 01.09.2017 | 3 432 900,0 | 2 676 586,5 | 78,0% | 726 829,5 | 21,2% | 0,0 | 0,0% | 29 484,0 | 0,9% |
| 01.10.2017 | 3 312 900,0 | 2 586 486,5 | 78,1% | 710 779,5 | 21,5% | 0,0 | 0,0% | 15 634,0 | 0,5% |
| 01.11.2017 | 3 097 900,0 | 2 320 486,5 | 74,9% | 760 779,5 | 24,6% | 0,0 | 0,0% | 16 634,0 | 0,5% |
| 01.12.2017 | 2 980 950,0 | 2 284 826,5 | 76,6% | 674 779,5 | 22,6% | 0,0 | 0,0% | 21 344,0 | 0,7% |
| 01.01.2018 | 2 922 450,0 | 2 284 826,5 | 78,2% | 616 279,5 | 21,1% | 0,0 | 0,0% | 21 344,0 | 0,7% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Декабрь'2016 | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |
| Июль | 5,5 | 2,5 | 4,6 | 5,7 |
| Август | 5,6 | 2,7 | 4,7 | 5,9 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 5,0 | 5,7 |
| Октябрь | 5,4 | - | 5,0 | 5,6 |
| Ноябрь | 5,4 | | 4,7 | 5,5 |
| Декабрь | - | - | - | - |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*